УДК 37;372. 8;372. 882;373. 1
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/1-601-608

**Муратов А.Ж.**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
**Мырзабекова Н.М.**
аспирант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# АДАБИЙ ЧЫГАРМАЛАРДЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР МЕНЕН ТИЛДИК-КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУ

**Аннотация.** Бул макала орто мектептин башталгыч класстарындагы адабий окуу сабагында көркөм чыгармаларды талдоо процессинде колдонуу үчүн «компетенттүүлүк», «тилдик-коммуникативдик компетенттүлүк», «инновациялык технологиялар» деген түшүнүктөргө теориялык аныктама берүүгө арналган. Ааламдашуу доорунда массалык маданият окуучулардын руханий-адептик тарбиясына гана эмес, алардын эне тилин өздөштүрүүсүнө да терс таасирин тийгизип жатат. Ошондуктан көркөм чыгармаларды окуп, ал аркылуу окуучулардын эстетикалык табитин көтөрүү, тилдик, этномаданий жана адабий-теориялык, социалдык коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу актуалдуу проблемалардын бири. Макаланын максаты – инновациялык технологиялар менен окуучулардын компетенттүүлүктөрүн жогорулатуунун зарылдыгын көрсөтүү. Чыгармаларды талдоону инновациялоо – азыркы адабиятты окутууга коюлган педагогикалык шарттар негизгилеринин бири. Макаланы жазууда автор тарабынан илимий булактарды изилдөө, анализ, синтез, типологиялык салыштыруу методдору колдонулду жана орус, дүйнөлүк педагогдордун эмгектери методологиялык негиз катары пайдаланылды. Айтылган методикалык сунуштардан башталгыч класстын мугалимдери көркөм чыгарманы интерпретациялоонун инновациялык технологияларын колдонууну үйрөнөт.

**Негизги сөздөр:** ааламдашуу процесси, инновация, инновациялык технологиялар менен окутуу, адабий окуу сабагы, көркөм чыгарма, текст, чыгармачылык ишмердүүлүк, компетенттүүлүк, тилдик-компетенттүүлүк.

**Муратов А.Ж.**
доктор педагогических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Мырзабекова Н. М.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ОБУЧЕНИЕ ЛИТЕРАТУРНЫМ ПРОИЗВЕДЕНИЯМ НА ОСНОВЕ ЛИНГВОКОММУНИКАЦИОННЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

**Аннотация.** Данная статья посвящена теоретическому определению понятий «компетентность», «лингвокоммуникационная компетентность», «инновационные технологии» для использования в процессе анализа художественных произведений на уроках литературного чтения в начальных классах средней школы. В эпоху глобализации массовая культура оказывает негативное влияние не только на духовно-нравственное воспитание учащихся, но и на усвоение ими родного языка. Поэтому одной из актуальных проблем является повышение эстетического вкуса учащихся к чтению художественных произведений, повышение их языковой, этнокультурной и литературно-теоретической, социально-коммуникативной компетентности. Цель статьи – показать необходимость повышения компетентности учащихся с помощью инновационных технологий. Инновации в анализе произведений – педагогические условия, предъявляемые к преподаванию современной литературы, являются одними из основных. При написании статьи автором были использованы методы исследования научных источников, анализа, синтеза, типологического сравнения, а в качестве методологической основы использованы труды российских и мировых педагогов. Из указанных методических рекомендаций учителя начальных классов учатся применять инновационные технологии интерпретации художественного произведения.

**Ключевые слова:** процесс глобализации, инновации, обучение с использованием инновационных технологий, урок литературного чтения, произведение искусства, текст, творческая деятельность, компетентность, языковая компетентность.

**A.Zh. Muratov**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
**N.M. Myrzabekova**
postgraduate student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## TEACHING LITERARY WORKS BASED ON LINGUISTIC AND COMMUNICATION COMPETENCIES USING INNOVATIVE TECHNOLOGIES

**Abstract.** This article is devoted to the theoretical definition of the concepts of "competence", "linguocommunication competence", "innovative technologies" for use in the analysis of works of art in the lessons of literary reading in primary school. In the era of globalization, mass culture has a negative impact not only on the spiritual and moral education of students, but also on their assimilation of their native language. Therefore, one of the urgent problems is to increase the aesthetic taste of students for reading works of art, to increase their linguistic, ethno-cultural and literary-theoretical, socio-communicative competence. The purpose of the article is to show the need to improve the competence of students with the help of innovative technologies. Innovations in the analysis of works – pedagogical conditions imposed on the teaching of modern literature are among the main ones. When writing the article, the author used the methods of research of scientific sources, analysis, synthesis, typological comparison, and the works of Russian and world teachers were used as a methodological basis. From these methodological recommendations, primary school teachers learn to apply innovative technologies for the interpretation of a work of art.

**Keywords:** globalization process, innovation, learning using innovative technologies, literary reading lesson, work of art, text, creative activity, competence, language competence.

**Киришүү.** Билим берүүнүн азыркы шарттарында окуучуларды адабий чыгармалар менен тааныштыруудан тышкары, алардын **лингвокоммуникациялык компетенцияларынды** – көркөм текстти кабыл алуу, аны интерпретациялоо жана талкуулоо, тилдик каражаттарды, маданий контексттi жана тилдин коммуникациялык потенциалын колдонуу жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү – өстүрүү маанилүү милдеттердин бири болуп жатат. Инновациялык технологиялар адабий окутууну интерактивдүү, аракетке багытталган жана окуучунун инсандык өнүгүүсүнө ылайыкташкан кылууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берет.

Инновациялык технологиялар бардык чөйрөлөргө кирип жаткан азыркы дүйнөдө жашоо, ошондой эле билим берүүдө көп нерсе болуп жатат [4, 76-б.].

**Макаланын максаты** – инновациялык технологияларды интеграциялап, лингвокоммуникациялык компетенцияларды өнүктүрүүгө багытталган адабият окутуунун методикалык ыкмаларын негиздөө.

Максаттар:

1. Коммуникативдик компетенция теориясын жана анын адабият окутудагы ролун карап чыгуу.
2. Адабият таануу жана адабият окутууда колдонууга боло турган инновациялык педагогикалык технологияларды изилдөө.
3. Адабий анализ менен коммуникациялык иш-аракетти цифралык куралдар менен айкалыштырган сабактын моделин жана приемдерин сунуштоо.

**Теориялык анализ:** коммуникациялык компетенция жана адабият окутуу

Коммуникативдик компетенция педагогикада – окуучунун тилди чыныгы коммуникациялык кырдаалда колдонуу жөндөмдүүлүгү деп белгилүү: грамматика жана сөздүккө гана байланышпастан, угуу, сүйлөө, түшүнүү, интерпретациялоо жана баалоо жөндөмдөрүн камтыйт. Адабияттык контекстте ага көркөм сөздүн анализи, подтекст, символдор, чыгарманы маданий мааниси жөнүндө ой жүгүртүү кошулат.

Лавлинский С. П. «Адабий билим берүү технологиясы: коммуникациялык-ишмердик ыкма» окуу-колдоо китебинде адабий билим берүү окуучуларды даяр интерпретацияларды талдоодон тышкары маданияттын активдүү катышуучуларына, маанини окуучулар-жазуучулар сыяктуу кошууга жол ачылышы керек деп баса белгилейт [2, 76-б.].

Кыргыз тили жана адабият сабактарында жеке адатка багытталган окутуу технологиялары, өнүктүрүү ыкмалары, проблемалуу окутуу коммуникациялык компетенцияны калыптандырууда эффективдүү жол болуп саналат, бул текстти тереңирээк түшүнүүгө жана тилди активдүү колдонууга жол ачат.

Азыркы учурда мугалимдер практикада колдонгон бир нече технологиялар жана приемдер:

– Проекттик иш-чаралар – окуучулар адабий темаларга байланыштуу жоболордо катышат: авторлордун биографиясын, тарыхый контекстти изилдөө, көркөм образдарды визуализациялоо. Мисалы, Лютикова Л. А. адабиятты тереңдетилген окутууда ИКТ колдонуу менен изилдөө жана долбоордордун ыкмаларын киргизүү боюнча иш жүргүзгөн.

– Оюн жана роль ойнолор – рольдүү оюндар, драматизациялар, сахналык интерпретациялар, өзгөчө каарманын ички дүйнөсүн, диалогду, кагылышууларды көрсөтүү керек болгон сабактарда. мындай формаларды камтыйт.

– Интерактивдүү санариптик куралдар – мультимедиа, онлайн-платформалар, LMS системалары, визуализация каражаттары колдонулат. Мисалы, заманбап тексттердин материалы аркылуу онлайн окутуу менен чет тил филология студенттеринде коммуникациялык компетенцияны калыптандыруу боюнча изилдөөт жүргүзүлгөн.

– Коммуникатив-ишмердик ыкма – окуучулардын иш-аракетине багытталган ыкмалар: талкуулар, дискуссиялар, топтук формалар, текстти чыгармачыл кайра иштетүү, мини-проекттер. Лавлинский ж. б. авторлор бул ыкмага таянып адабий билим берүүнүн методикасын куруп жатышат.

Адабий анализдин салттуу ыкмалары менен инновациялык технологияларды айкалыштыруу окуучулардын мотивациясын жогорулатат, текстти терең түшүнүүгө жардам берет, оозеки жана жазма сүйлөм тилдеги жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Бирок кээ бир көйгөйлөр бар:

– мектептерде технологияларга жетүү мүмкүнчүлүктөрүнүн айырмачылыгы;

– мугалимдердин, методисттердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу керектиги;

– адабий сабаттуулуктан гана эмес, коммуникациялык компетенциядан да адекваттуу баа берүү критерийлерин иштеп чыгуу зарылдыгы.

– эмпирикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү, ар кандай инновациялык ыкмалардың эффективдүүлүгүн салыштырмалы анализдөө (онлайн форматтар, оюндар, санариптик чөйрөлөр), ар түрдүү курактагы топтор үчүн методикалык долбоорлорду иштеп чыгуу [3].

Инновация мурдагы көнүмүш болуп калган, схемалуу, даяр жолдордон жаңы жолдорго чыгуу экен жана ошол жаңы жол мурдагыга караганда оптималдуу жана рационалдуу болот экен. Билим берүүдө мына ушул жаңылоо үч багытта жүргүзүлөт: биринчиси, билимдин мазмунун (эмнени окутабыз) инновациялоо; экинчиси, билим берүүнүн формасын (кандай жолдор менен окутабыз) инновациялоо; үчүнчүсү, билим берүүнүн технологияларын (кантип окутабыз) инновациялоо. Бул тууралуу методист окумуштуулар А. Муратов менен Б. Байсабаев мындай деп жазышат: «Кыргыз адабияты сабагында эмне үчүн салттуу эмес жана интерактивдүү методика керек дейбиз, анын зарылдыгы эмнеликтен сезилип жатат? Бул эң биринчи кезекте мугалимдердин көнүмүштүн күчүнө алдырып жибергендигинде, бири-бирине окшош сабактары менен окуучуларды жадаткандыгында. Ал типтүү окшоштуктар төмөнкүлөр менен байланышат:

– мугалим сабакка кирет да, саламдашып, ким келген-келбегенин жоктоп, 25-30 баланын фамилиясын окуп чыгат;

– «мурдагы сабакта кайсыл теманы өткөн элек, кана ким айтып берет» деп 5-6 жөнөкөй суроолорду берип, анын жооптору айтылса, угулат, айтылбаса, ошол бойдон суроолор жоопсуз калат;

– өткөн тема эптеп жыйынтыкталат, көбүнчө окуучулардын даярдыксыз келгендиги айтылып, алар жемеленет жана акыркы жолу эскертүү берилет (бул да көнүмүш болуп калган);

– анан доскага жана окуучулардын дептерлерине жаңы тема жазылат;

– мындан кийин мугалим схемалуу төмөнкүдөй иш-аракеттерди аткарат: биринчи ыкма: тексти мугалим өзү окуп берет же окуучулар өздөрү окуп чыгат; экинчи ыкма: мугалим текстин мазмунун кыскача оозеки сүйлөп берет;

– ошентип жаңы тема өтүлгөн соң мугалим кайталоо, же бышыктоо үчүн дагы 5-6 информациялык суроо коюп, өзү айтып бергенинен же окулган тексттен маалымат жыйнай баштайт;

– андан ары үйгө тапшырма берилет, ал тексти окуп келип мазмунун айтып берүү, же

ыр болсо аны жаттоо дегендей баланы кызыктырбаган иш-аракеттер ж. б.

Мындай ыкмалар ошол мугалимдин кийинки сабактарында да улантыла берет, бара-бара бул мугалим окуучулар үчүн жансыз сөлөкөткө айланат да, адабият сабагы чыгарманын мазмунун билүү, ал чыгармадагы каармандардын аттарын жаттоо сабагына гана айланып, окулуп жаткан жазуучу байкуш бир талапкер-жазмакердин деңгээлине түшүп калат. Ушундайлардан улам жаңычыл (инновациялык) сабактар зарыл, аны үчүн окутууда салттуу эмес жана интерактивдүү методика керек дейбиз. Булар сабактын кызыктуулугун арттыруучу, балдар менен мугалимдин чыгармачылык байланышын тереңдетүүчү жол. Ошол жол аркылуу бала мугалим менен да, классташы менен да, жазуучу менен да диалогго чыга алат, керек учурда алар менен кайым айтышат, адабиятты маалымат алуунун куралы катары гана окубастан, турмушту таанып билүүнүн, адабияттан эстетикалык ырахат алуунун, тарбия берүүнүн куралы катары окушат» [5, 10-11-бб.].

Адабий чыгармаларды жаңыча окутуу иш-аракеттери жалпы союзда башталгыч класстарда Москвадагы №587 мектептин мугалими С. Н. Лысенкованын тажрыйбасынын көрүндү, ал «эгер окуучулар жетишпесе, аны алдын ала окутуу керек» деген принцип менен иштеди. Психология илимдеринин доктору, эксперментатор мугалим Ш. А. Амонашвили балдардын өтө активдүү болушун колдоп, окуучуларды алты жаштан мектепке тартуу идеясын таратты. И. Н. Ильин Ленинград шаарындагы №307, кийин №516 мектептерде адабияттан сабак берүү менен кызматташтыктын педагогикасын, балдарга ишеним менен кароо педагогикасын иштеп чыкты.

Өткөн кылымдын соңку чейрегинде Кыргызстанда Талас областынын Талас районуна караштуу «Арал» орто мектебинин мугалими Б. С. Исаков новатордук методикасынын сабактарында колдонуп, аларды окуу китептерине, методикалык колдонмолоруна киргизип турду. Биздин темага байланыштырып айтсак, ал «Манас» эпосун кыргыз адабиятынан окутуп жатып, негизги көңүлдү ошол тексттеги архаикалык сөздөргө, тарыхый сөздөргө, диалектилерге, манасчынын жана каармандардын сөздөрүнө, көркөм сөз каражаттарына, троптор жана алардын түрлөрүнө көңүл буруп, окуучулардын тилдик коммуникацияларын өстүрүүгө басым жасаган, натыйжада анын окуучуларынын ичинен дил баян боюнча республикалык олимпидалардын бир нече жеңүүчүлөрү, акын-жазуучулар, журналисттер тарбияланган.

Көркөм адабий чыгармаларды окутуу процессин инновациялоо, ошол инновациялоонун бир формасы болгон интерактивдүү окутуу тууралуу С. О. Байгазиев мындай деп жазат: «Окуучу ой жүгүртсүн, изденсин, шектенсин, ырастасын, талдасын, жаңылсын, оңдосун, талашсын, өз оюн далилдесин. Ушунун баары баланын өзүнүкү болууга тийиш. Бул жерде мугалимдин кийлигишүүсү өтө опурталдуу, анткени анын айтканы кадиксиз чындык катары кабыл алынат да, окуучу түйшүксүз, изденүүсүз, негиздөөсүз эле даяр калыпка салынып калат, бул өтө зыян, инсандын өзүнчөлүгүнүн калыптанышына терс таасир кылат. Ошол себептен мугалимдин кийлигишүүсү башкача өңүттө жүрүшү зарыл: ал көйгөй маселени чиелентсин, кызуу талаш-тартышка айландырсын. Бирок эч качан «Бул туура, бул туура эмес» деп өз өкүмүн айтууга тийиш эмес, анын ордуна «Мен да кызыгып калдым, мурда ойлобопмун, оюңду дагы өнүктүрсөң, далил менен бекемдесең» деген өңдүү сүйлөөгө тийиш. Мугалим өзүн чектеп, балдардын эркин ой жүгүртүшүнө көмөк көрсөтөт. Алдыңкы планга окуучу чыгат, анткени ойлордун, пикирлердин, туундулардын автору (мейли ал туура же туура эмес болсун) – бала. Себеби окуучу баарын өз акылына салат, салмактайт, калчайт, салыштырат, далилдейт. Мында бала өз оюн айтып гана тим болбостон, аны коргоого,

башкалар менен талашка чыгууга тийиш» [1].

Окумуштуунун бул пикири – баланы борбордук орунга койгон мугалимдин сабагын жаңылоону көрсөткөн жана инновациянын негизги өзгөчөлүгүн ачып берген пикир. Инновациялоону В. А. Хуторской үч типке ажыратат:

Радикалдык же базалык: принципиалдуу жаңы технологиялар, башкаруу методдору.

Комбинатордук: элементтердин конструкцияларынын ар кандай байланыш учурларын издеп табуу.

Модификациялык: мурда эле колдонулуп келген конструкцияларды, принциптерди, формаларды өркүндөтүү [8, 23-б].

Ошондой эле ал инновациянын он блогун көрсөтөт.

1. Билим берүү системасынын курамдарынын элементтерине мамиле боюнча: окутуунун жана тарбиялоонун максатын, мазмунун, формасын, методун, технологиясын, каражаттарын жаңылоодо, алардын натыйжаларын диагноздоону, текшерүүнү жана баалоону өзгөртүүдө ж. б.

2. Билим берүүнүн субъектисинин инсан катары калыптануусуна мамиле боюнча: окуучулардын жана педагогдордун белгилүү бир жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүш жана алардын билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн, ишмердүүлүктөрүнүн, компетенттүүлүктөрүнүн тармагында.

3. Педагогикалык колдонуу тармагында: окуу процессинде, окуу курсунда, билим берүү тармагында, окутуу жана билим берүү системасынын деңгээлинде, билим берүү тармагын башкарууда.

4. Педагогикалык процесске катышуучулардын өз ара аракеттенүүлөрүнүн тибинде: жамаатташып окутууда, топтук окутууда, үй-бүлөлүк окууда, тьютордукта, репетитордукта ж. б.

5. Функционалдык мүмкүнчүлүк боюнча: шарттарды жаңылоо (билим берүүчү чөйрөнү, социалдык-маданий абалды оңдоо); азык болуучу булактарды жаңылоо (педагогикалык каражаттар, проекттер, технологиялар ж. б.); башкарууну жаңылоо (билим берүү тармагынын структурасын жана башкаруу процедураларын алардын милдеттерине карата өзгөртүү).

6. Ишке ашыруунун ыкмалары, жолдору боюнча: пландык, системалуу, мезгил-мезгили менен, стихиялуу, спонтандуу, кокусунан.

7. Таралыш масштабы боюнча: жалгыз педагогдун ишмердүүлүгүндө, педагогдордун методикалык бирикмесинде (биримдигинде), бир мектепте, бир нече мектепте, аймакта, федералдык деңгээлде, эл аралык деңгээлде ж. б.

8. Социалдык-педагогикалык мааниси боюнча: белгилүү бир типтеги билим берүү мекемелеринде, педагогдордун конкреттүү профессионалдык-типологиялык тобунда.

9. Жаңычыл иш чаралардын көлөмүнө карай: локалдык, массалык, глобалдык

10. Сунушталган жаңылануулардын деңгээли боюнча: корректирлөөчү, модификациялоочу, модернизациялоочу, радикалдык, революциялык [5, 106-б.].

Жалпысынан, инновация түшүнүгүнүн тарыхый-социологиялык жана философиялык табиятын жыйынтыктап мындай пикирлерди айтууга болот:

– инновация кечээ-бүгүн эле пайда боло калган нерсе эмес, байыркы убактан тартып эле илимде, билим берүүдө башка тармактарда ар дайым жаңыга умтулуп, эскини тануу жана жаңыны таануу процесси болуп келген, мына ушулар да атайын термин менен айтылбаганы менен инновациялык көрүнүштөр болгон;

– инновация адамзат жашоосунда эң кеңири кездешкен көрүнүш;

– «инновация» термини XX кылымдын аягында гана ушундай аталыш менен атала баштап, педагогикалык рейтинги жогору терминге айланды;

– инновация – алга умтулуунун прогресстин жолдорун көрсөтүп, ошол жолдорго түшүүгө мажбур кылат;

– инновация – бул ар дайым алдыга карай кыймылда болгон мезгил алкагындагы жандуу;

– инновация – бул адамзаттын саясый-социалдык, илимий-маданий, техникалык, ой жүгүртүү ж. б. тармактарында алга жылуусунун рычагы ж. б.

«Тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөр» түшүнүк да XX кылымдын соңку жылдарында тил корубузга кирип, педагогика тармагында өтө активдүү колдонулуп жатат. Аталган термин-түшүнүктөр батыш педагогикалык адабияттарында XX кылымдын 60-70-жылдары, Орусияда 80-жылдары пайдаланылып, педагогика жана психологиядагы «компетенция», «компетенттүүлүк» деген түшүнүктөрдү чечмелеген ондогон эмгектер жаралган. Лексикограф С. И. Ожегов орус тилинин чечмелеме сөздүгүндө «компетенттүү» жана «компетенция» деген сөздөрдүн маанилерин мындай түшүндүрөт: «Компетенттүү – ар кандай чөйрөдөгү билимдүү, ыйгарымдуу адис. Компетенция – кимдир бирөөнүн көгөйлөрүн жакшы билген» адам [6, 268-б.]. Орус-кыргыз котормо сөздүгүн автору К. К. Юдахиндин түшүндүрмөсү боюнча: «Компетенттүү – билүүчү, билимдүү, б. а. бир нерсени толук билүүчү. Компетенттүү – бир нерсени чечүүгө, бир нерсе жөнүндө чечкиндүү пикир айтууга өзүнүн билими же ыйгарым укуктары бар адам». «Компетенция – белгилүү бир адамга тапшырылган маселелер, иштер. Компетенция кандайдыр бир маселенин же адамдын ыйгарым укугу» [10, 117-б.].

А. В. Хуторской мындай аныктама айтат: «Компетенция – инсандык бири- бирине байланышкан сапаттардын жыйындысы (билим, билгичтик, көндүм). Ал сапаттар атайын аныкталган предметтер жана процесстер боюнча болуп, инсандын аларга карата жыйынтыктуу аракетин түзөт. Компетенттүүлүк – адамдын компетенцияларга ээ болушу. Компетенттүүлүк компетенцияларга болгон инсандык мамиле жана ишмердүүлүктү жүргүзүү» [7, 61-б.].

Жогорудагыдай аныктамарды талдай келгенде «компетенттүүлүк» кандайдыр бир ишти аткарууга, кандайдыр бир ой-пикирди айтуудага адамдын даярдагы бар экендиги, ошол нерсеге адамдын жөндөмдүүлүгү. Орус дидактары И. А. Зимняя, Г. К. Селевко, А. В. Хуторской ж. б. компетенция – бул адамдын ээ болгон интеграциялык сапаты, анын ошол тема боюнча билими, билгичтиги, көндүмдөрдү, кандайдыр бир маселе, проблема чечүү үчүн ага даярдагы болгондугу.

Соңку учурда «инновация», «инновациялык технологиялар», «компетенттүүлүк», «тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүк» деген түшүнүктөр тилибизде көп учурай баштады. Бул термин-түшүнүктөр Батыш педагогикасында, орус дидактикасында ар тараптуу изилденип, кыргыз мугалимдерине да бир топ түшүнүктүү боло баштаганы менен аларды дагы да терендетип окуу үйрөнүү проблемасын чечүүбүз зарыл.

**Жыйынтык.** Инновациялык технологияларды колдонуу менен, лингвокоммуникациялык компетенцияларды өнүктүрүүнү көздөгөн адабий чыгармаларды окутуу – азыркы методикада перспективдүү багыт. Аракет ыкмаларын, цифралык куралдарды жана коммуникациялык иш-чараларды интеграциялоо текстти пассивдүү кабыл алуунун чегинен чыгып, окуучуларды чыгармамен диалогго тартууга мүмкүндүк берет. Методикалык

ыкманын сапаты, технологиялык инновациялар менен классикалык адабий анализдин балансын, окутуучунун даярдыгын жана материалдык-техникалык шарттарды кандай камсыз кылуу менен аныкталат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Байгазиев С. Адамды жана атуулду жаратkan педагогика же Бектур Исаковдун альтернативалуу окутуусу [Текст] / С. О. Байгазиев // Кутбилим. – 2012. – 22-фев.
2. Лавлинский С.П. Технология литературного образования. Коммуникатив но-деятельностный подход [Текст]: учебное пособие / С.П. Лавлинский. – М.: Прогресс-Традиция; ИНФРА-М, 2003. – 384 с.
3. Лютикова, Л. А. Инновационные технологии в учебно-исследовательской деятельности обучающихся на уроках углубленного изучения литературы [Текст] / Л. А. Лютикова // Инновационное образование. – 2018. – Вып. – №76. – апрель.
4. Капарова К. Цифровые технологии как эффективный способ обучения русскому языку [Текст] / К. Капарова, Г.С. Тагаева // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2024. – №4/3. – 880 с.
5. Муратов А. Адабиятты жаңыча окутуу: методдор, каражаттар жана иштелмелер [Текст] / А. Муратов, Б. Байсабаев. – Бшкек: 2010. – 68 б.
6. Ожегов С. И., Шведова Н. Ю. Толковый словарь русского языка [Текст] / С. И. Ожегов, Н. Ю. Шведова. – М., 2013. – 268 с.
7. Хуторской А. В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы [Текст] / А. В. Хуторской // Народное образование. – 2003. – №2. – С. 58-64.
8. Хуторской А. В. Педагогическая инноватика: методология, теория, практика[Текст] / А. В. Хуторской. – М.: УНЦ ДО, 2005. – 222 с.
9. Хуторской А. В. Типологии педагогических нововведений [Текст] / А. В. Хуторской // Школьные технологии. – 2005. – № 5. – С. 10-24.
10. Юдахин К. К. Русско-киргизский словарь [Текст] / К. К. Юдахин. – М., 1957. – 293 с.


**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Акматов К.К.**